Какой вывод можно сделать сегодняшнему педагогу? Какие задачи решает педагог в этой ситуации? О каких особенностях педагогической деятельности учителя говорит эта ситуация? Какова роль социально-экономического фактора в воспитании человека? Соответствовали ли действия педагога предьявляемым к нему требованиям, и как это отразилось на результатах воспитания? и другие). Отвечая на эти вопросы, студенты учатся анализировать ситуацию, выделять приемы деятельности учителя в них.

Другим этапом работы мы выделяем творческие задания. Студентам предлагается описать, как бы они повели себя в аналогичной ситуации, что им показалось сложным, как разрешить возникшее противоречие.

Для закрепления умений студентов в разрешении конкретных ситуаций в работе со школьниками желательно рассмотреть примеры аналогичных ситуаций из их школьной практики. Как их педагоги решали такие проблемы? Что удалось сделать? Как себя чувствовали при этом ученики? Обращение к личному опыту студента, который совсем недавно был учеником, дает наглядный эффект организации процесса воспитания.

В заключении изучения темы студенты пишут письмо себе или своему другу от имени А.С.Макаренко с советами по организации деятельности учителя в современной школе. Эти письма оформляются на отдельном стенде или создается книжка с наказами будущему учителю.

Использование приемов деятельности студентов, обращенных к их опыту школьников, привлечение интерактивных тактик проведения занятий не оставляет студентов равнодушными к творчесву выдающегося педагога.

Мы показали на примере одной темы лишь несколько стратегий проведения практических занятий по «Педагогическому мастерству», которые способствуют развитию и воспитанию будущего педагога в условиях современного социокультурного пространства.

Такой подход в проведение практических занятий организует воспитание и обучение будущих учителей – как нормативно-творческий процесс совместно управляемого преподавателями и студентами, развития общего и профессионального потенциала будущего педагога.

ЛИТЕРАТУРА

1. Сорокин П.А. Человек, цивилизация, общество. – М., 1992.
2. Боротко Н.М. Педагог в пространствах современного воспитания. –Волгоград: Перемена, 2001.
3. Селиванов В.С.Основы общей педагогики: теория и методика воспитания: Учеб.пособие. – М.: Академия, 2002. – С. 123.
4. Сластенин В. А., Исаев И. Ф., Шиянов Е. Н. Общая педагогика:Учеб. пособие. Часть 2. – М.: Владос, 2002. – С.408.
5. Зязюн И.А. Основы педагогического мастерства: Учеб.пособие. – М.: Просвещение. 1989.
6. Кибардина Л.П., Абдулдаев Д.А. Интерактивное обучение в вузе. Мет. Пособ. --Каракол, ИГУ, 2003.

УДК 378.144

А.Р.Акунова

*И.Арабаев атындагы КМПУ*

# ЖОЖДО КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН ИЛИМИЙ-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Бул илимий докладда жогорку окуу жайларында кыргыз тилин изилдөөдө, окутууда окутуучу кандай методологиялык негиздерге таянат, кайсы методдорду колдоноору тууралуу азыноолак сөз болот. Автордун педагогикалык тажрыйбасынын, илимий иликтөөсүнүн негизинде түзүлгөн «Азыркы кыргыз тилинин лексикасы» курсу боюнча студенттин өз алдынча окуп, билим алуусунун планы түзүлүп, методикалык кеңештери сунушталат.*

Азыркы мезгилде коомдогу тарбия жана билим берүү иши негизинен атайын түзүлгөн педагогикалык системалар аркылуу иш жүзүнө ашырылат. Бул системалар педагогика илиминин негизи жана өтө татаал изилдөө объектиси болуп саналат. Ал эми

системанын элементтеринин бири-бири менен болгон туруктуу байланыштары алардын структурасын түзөт. Ишмердүүлүгү белгилүү бир максатка баш ийдирилген аракетке келип жаткан структурадан анын системасы келип чыгат. Ишмердүүлүктүн тигил же бул түрүн биргелешип аткарууга катышкан жана алардын максаттарын иш жүзүнө ашырышкан адамдар да ошол системаны түзүшөт. Мына ушундай системалардын бири болуп жогорку окуу жайларында билим, тарбия берген - окутуучулук жамаат менен билим, тарбия алган - студенттик жамаат эсептелет. Учурда билим берүү тармагында жүрүп жаткан реформалар, жаңылануулар ЖОЖдун алдына коомдун мындан аркы өнүгүшүнүн талаптарына ылайык студенттерге билим жана тарбия берүүнүн так, ачык концепцияларын аныктоо, методологиялык негиздерин тактоо сыяктуу талаптарды коюп жатат. Эң негизги максат болуп ар кандай көрүнүштөргө, кубулуштарга, чөйрөгө, коомдук, социалдык маселелерге өз бет алдынча мамиле жасай билген, бардык жагынан өсүп жетилген адамды тарбиялап чыгаруу процессин камсыз кылуу болуп саналат. Анткени муну турмуштун өзү талап кылып жатат.

Орто мектептерде, ЖОЖдо кандай гана предметтин мазмуну болбосун окуучуларга жана студенттерге билим жана тарбия берүү милдетин көздөйт. Себеби, педагогика – бул тарбиялоо, окутуу жана билим берүү жөнүндөгү илим. Ал эми методика - педагогика илиминин бир тармагы. Демек, окутуучу кайсы гана предметти окутпасын инсан менен жогоруда айтылган үч багыт боюнча иш алып барат. Бул үч багытка аныктама берсек:

1) Тарбия берүү - бул коомдун таламдарына ылайык максаттуу түрдө жеке инсандын калыптанышын системалуу түрдө башкаруу дегендик.

2) Окутуу - бул мугалимдин жана окутуучунун жетекчилиги астында инсандын билимге, көнүмгө, адатка ээ болуусу. Ошонун негизинде таануучулук жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн, дүйнөгө болгон көз карашын калыптандыруу дегендик.

3) Билим берүү - системалуу түрдөгү билим, көнүм, адат, алардын системалаштырылган туундусу, мамлекеттин жаранга берген илимдердин жыйындысы болуп саналат.

Мына ушул багыттарды иш жүзүнө ашырууда ЖОЖдогу кыргыз тилин окутуунун методикасы кандай илимий-методологиялык негизге таянат?

Илимдин методологиясы - бул тигил же бул илимде колдонулуучу изилдөө ыктарынын жыйындысы, башкача айтканда, тигил же бул илимдин, предметтин колдонуучу илимий изилдөөнүн методдору жана принциптери. Илимдин өнүгүшү илимий таануунун ыктарын теориялык жактан негиздөө зарылдыгын жараткан. Илимий методологияны иштеп чыгуу 16-17-кылымдарда эле башталган, ага англиялык философ-материалист Френсис Бекон (1561-1626) жана француз философ-математик Рене Декарт (1596-1650) негиз салышкан. Илимге түшкөн ар бир адам илимий методологияны үйрөнүп, илимий таанып-билүүгө шыгы, жөндөмү болушу зарыл.

Педагогика, анын ичинде тилди жана адабиятты окутуунун методикасы илимдери өзүлөрүнүн пайда болуу жана өнүгүү процесстеринде билим, тарбия жана окуу иштеринин ар тараптуу проблемаларын чечүүдө материалистик-диалектикалык философияга, советтик түзүлүш мезгилинде марксистик-лениндик методологияга негизделген. Ал эми ЖОЖдо кыргыз тилин окутуунун методикасы акыркы он жылдыкта гана өзүнчө педагогикалык тармак катары калыптанып, азыркы учурда актуалдуу маселелердин бирине айланды. 1996-жылдан баштап республикада магистратуралар ачылып, атайын ЖОЖдун окутуучуларын даярдап жатат. ЖОЖдордо атайын магистратурада же аспирантурада окуган, илимий изилдөө иштерине жөндөмдүү адис гана иштей алат. ЖОЖдун адиси материалисттик-диалектикалык философия, жалпы тил илими, анын бир тармагы кыргыз тил илими, педагогика, психология сыяктуу илимдин негиздерине таянып иш алып барат.

Ар бир илимпоздун ишинде жетекчиликке ала турган философиялык көз карашы болот. Ошонун негизинде ар бир илимдин тармагына жараша ошол илимге тиешелүү илимий-изилдөө методдору келип чыгат. Алсак, эне тилин окутууда, изилдөөдө төмөндөгүдөй илимий-изилдөө методдору колдонулат:

- илимий-методикалык мурастарды, окуу китептерин, окуу куралдарын, программаларды үйрөнүү жана талдоо;
- жетекчи материалдарды өздөштүрүү;
- окутуу жумуштарына максаттуу байкоо жүргүзүү, аларды илимий-практикалык

жагынан талдоо жана жыйынтыктоо;

- изилдөө объектиси боюнча эксперимент жумуштарын жүргүзүү.

Бул чакан макалада биз «Кыргыз республикасынын мамлекеттик тилин өнүктүрүү программасында» (1997-2010) кыргыз тилин орто, атайын орто жана жогорку мектептерде окутууну жакшыртууга тиешелүү иш-чаралардын бири катары: «...өзүнүн билимин өз бет алдынча толуктай билүүгө үйрөтүү маселесин 1-орунга алып чыгып, башкы милдеттердин бири катары эсептеп, анын методикалык жана педагогика-психологиялык, илимий педагогикалык негиздерин иштеп чыгуу» деген көрсөтмөсүн жетекчиликке алуу менен жогоруда аталган ЖОЖдо кыргыз тилин окутуунун методологиялык негиздерине таянып, мындай иш чараларды уюштуруунун планын жана кыскача методикалык колдонмолорун иштеп чыктык.

«Мектеп менен ЖОЖдун берген билими сени илим босогосуна гана жетелеп келгенге тете. Чыныгы билимди өз алдынча ал. Ойлон, изден, эмгектен» – деп К.Сактанов туура белгилегендей студент өз алдынча билим алууга умтулуп, анын эффективдүү жолдорун үйрөнүүсү зарыл. Ушул максатты көздөп типтүү программада көрсөтүлүп, бирок аудиториялык сабак катары өтүлбөгөн же дагы өздөштүрүүгө кошумча убакытты талап кылган темалар үчүн ЖОЖдун окуу план, программаларында студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн атайын саатар бөлүнгөн. Мисалы, башталгыч билим берүү адистигин окуган студенттер үчүн кыргыз тилинин лексикасын окутууга окуу планы боюнча күндүзгү бөлүмгө 28 саат лекция, 22 саат практикалык сабак; сырттан окуу бөлүмүнлө 24 саат лекция, 14 саат практикалык сабак көрсөтүлгөн. Бул убакыттын ичинде океандай болгон эне тилибиздин сөздүк курамынын бардык маселелерин окутууга мүмкүнчүлүк болбойт. Төмөндө биз «Азыркы кыргыз тилинин лексикасы» курсу боюнча II курсту күндүз окуган студенттердин өз алдынча окуулары үчүн бөлүнгөн 12 саатта төмөнкүдөй иш-чараларды уюштурууну окутуучуларга сунуштайбыз:

№ 1 тема: **Кыргыз лексикасынын изилдениши (1 саат).**

Максаты: Студент өз алдынча 1) Кыргыз тилинин лексикасын кимдер жана качан изилдешкен? 2) Кандай эмгектерди жаратышкан? деген суроолордун тегерегинде ой жүгүртүп, сунушталган адабияттар боюнча конспект жазат.(Ар бир темага байланыштуу адабияттар окутуучу тарабынан студентке жаздырылып, беттери көрсөтүлөт. Макаланын көлөмүнө байланыштуу адабияттардын тизмеси камтылбады) .

№ 2 тема: **Сөз жана түшүнүк** (1 саат).

Максаты: Студент өз алдынча 1) Сөз деген эмне? 2) Сөздүн түшүнүк менен карым-катышы деген темаларга даярданып, оозеки жооп берет.

№ 3 тема: **Көп маанилүүлүктүн пайда болуу, өнүгүү жолдору (1 саат).**

Максаты: Студент аталган тема боюнча реферат жазат.

№ 4 тема: **Синонимдер (2 саат).**

Максаты: Студент өз алдынча 1) Нагыз жана контексттик синонимдер, 2)Табу жана эвфемизмдер деген темалардын үстүндө даярданып, сөз байлыгын өстүрөт.

№ 5 тема: **Омонимдер** (2 саат).

Максаты: Студент өз алдынча 1) Омонимдердин пайда болуу жолдору, 2)Паронимдер, 3) Тубаса жана туунду омонимдер деген темалардын үстүндө даярданып, лингвистикалык билимин тереңдетет.

№ 6 тема: **Антонимдер (1 саат).**

Максаты: Студент өз алдынча 1) Энантисемия; 2) Антонимдердин стилистикалык жактан колдонулушу деген темалар боюнча даярданып оозеки жооп берет.

№ 7 тема: **Кыргыз тилинин төл лексикасы** (2 саат).

Максаты: Студент өз алдынча 1) Кыргыз тилинин этимологиялык сөздүгү менен таанышып, сөздөрдүн келип чыгыш тарыхы жөнүндө кенири түшүнүк алат; 2) Экзотикалык сөздөр деген эмне? Аларга мисалдарды жазып, мүнөздөмө берет.

№ 8 тема: **Кыргыз тилине сырттан кирген сөздөр** (2 саат).

Максаты: Студент өз алдынча 1) Кытай, тибет, санскрит тилдеринен кирген сөздөр; 2) Орус тили аркылуу кирген интернационалдык сөздөр; 3)Басма сөз беттериндеги бөтөн сөздөрдүн колдонулушу деген темаларга даярдануу менен лекцияда алган билимдерин тереңдетет.

№ 9 тема: **Кыргыз тилиндеги эскирген жана жаңы лексика** (2 саат).

Максаты: Студент өз алдынча 1) Архаизмдер менен историзмдердин окшоштуктары

жана айырмачылыктары; 2) Семантикалык, морфологиялык, синтаксистик неологизмдер; 3) Учурдагы речибизге жаңы кирген сөздөр деген темаларды тегерегинде болуучу аңгеме-маекке даярданат.

**№ 10 тема: Кыргыз лексикасынын колдонулуш чөйрөсүнө карай бөлүнүшү (3 саат).**

Максаты: Студент өз алдынча 1) Кыргыз тилинин диалект, говорлорго бөлүнүшү (К.К.Юдахин, И.А.Батманов, Б.М.Юнусалиевдердин классификациялары); 2)Нагыз лексикалык диалектизмдер; 3) Элдик оозеки, көркөм чыгармаларда диалектизмдердин колдонулушу; 4) Ар кайсы кесипке байланыштуу сөздөрдүн топторун түзүү; 5) Терминологиялык сөздүктөр менен таанышуу аркылуу өзүнүн сөз байлыгын өстүрүп, тил боюнча кругозорун кеңейтет.

**№ 11 тема: Кыргыз тилинин фразеологиясы (3 саат).**

Максаты: Студент өз алдынча 1) Макал-лакап, учкул сөздөр менен фразеологизмдердин окшоштуктары жана айырмачылыктары; 2)Фразеологизмдердин варианттары; 3) Фразеоголгиялык синонимдер жана антонимдер; 4) Х.Карасаевдин «Накыл сөздөрү» жана «Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү» менен таанышып, тегерек столго даярданат.

**№ 12 тема: Кыргыз тилинин лексикографиясы (2 саат).**

Максаты: Студенттер өз алдынча 1) Кыргыз тилинин сөздүктөрүнө кыскача аннотация жазышат; 2) Байыркы сөздүктөрдү; 3) Кыргыз лексикографтары жана алардын эмгектерин чагылдырган дубал газета чыгарышат.

**№ 13 тема: Эркин темада сочинение жазуу жана анда кетирилген каталардын үстүндө иштөө (1 саат).**

Максаты: Сочинениеде кетирилген эрфографиялык, пунктуациялык, стилистикалык каталардын жиберилишине анализ жасоо. Туура жазуу эрежелерин кайталоо жана бышыктоо.

Башталгыч класстын мугалими боло турган студент лингвистикалык терең билимге ээ болууга тийиш. Улуу педагог К.Д.Ушинский: «Теория практикасыз өлүк, практика теориясыз алсыз» деп белгилегендей, тилдик мыкты билим гана башка предметтерди да терең өздөштүрүүнүн жана окутуунун негизи болот. «Студент» деген терминдин «өз алдынча билим алган адам» деген мааниин билдирээрин эске алып, ЖОЖдо окутулуучу кыргыз тили боюнча билимдерди келечектеги адис, өз бет алдынча изденип, окуп, үйрөнүп, анализдеп жана турмушта колдоно билмейинче өз кесибин толук кандуу алып кете албастыгы шексиз. Студенттин өз алдынча иштерин уюштуруунун милдети да мына ушунда.

Жыйынтыктап айтканда, илимге түшкөн ар бир адам илимдин методологиясын өздөштүрүп, илимий таанып-билүүгө шыгы, жөндөмү болушу зарыл. Ар бир илимдин тармагы сыяктуу эле кыргыз тилин окутуунун методикасынын дагы өзүнө гана тиешелүү спецификалык өзгөчөлүгү бар. Окутуучу тарабынан изилдөөнүн жүрүшүндө дагы ошол тармакка гана тиешелүү болгон өзгөчө методдор пайдаланылат, андан алынган натыйжалар жыйынтыкталат, анализденет, толукталат, такталат. Ошондо гана илимде жылыш, өсүш прогресс болуп турат.

АДАБИЯТТАР:


1. Амонашвили Ш.А. ж.б. Педагогикалык изденүү /Түзгөн И.Н.Баженова/. -Фрунзе: Мектеп, 1989.
2. Кузьмина М.А. Педагогика высшей школы. -Москва. 1989.
3. Жапаров Ш., Сыдыкова Т. Азыркы кыргыз тилинин программасы (фонетика, лексикология, диалектология боюнча). -Бишкек: Сабыр, 2000.
4. Сартбаев К.К. Эне тилин окутуу методикасынын негиздери. // Эл агартуу, №3, 1986.
5. Кыргыз республикасынын мамлекеттик тилин өнүктүрүү программасы //Эл агартуу, №8, 1996.
6. Осмонкулов А. Кыргыз тилин ЖОЖдордо окутуунун методикасы (Лекциялардын жыйнагы). –Бишкек, 1996-98.
7. Осмонкулов А. Педагогика жана кыргыз тилин окутуунун методологиялык негиздери (Лекциялардын жыйнагы). –Бишкек, 1996-98.
8. Исмаилов А. Гуманитардык илимдердин философиялык проблемалары. (Лекциялардын жыйнагы). –Бишкек, 1996.
9. Акунова А., Раимбекова М. Азыркы кыргыз тили. Лексика. (ЖОЖдун педагогика факультетинин студенттери үчүн окуу куралы). -Бишкек, 2005.
10. Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили: Фонетика жана лексикология (ЖОЖдун филология факультетинин студенттери үчүн окуу куралы). -Бишкек, 1999.